# Эжесин издегенде




Автор: Нурия Умерова

Сүрөтчү: Елена Кисенкова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Эжесин издегенде

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Котргон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Эжесин издегенде" (кыргыз тилинде), автор Нурия Умерова, сүрөтчү  Елена Кисенкова, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Он жыл мурда талаада, эркин куштардын мекенинде Желмогуз менен куш төрөсү Буудайыктын ортосунда чоң согуш жүргөн. Ал окуя мындайча болгон…

Буудайык Желмогуз менен өзүнүн аймагы, бардык канаттуулар үчүн тайманбай согушту.

Айыгышкан кармашта Желмогуз жеңилип, бардыгы жеңишке сүйүнүп турушкан. Бирок алар согушуп жаткан учурда бир ырайы суук жаныбар Буудайыктын кичүү кызын уурдай качты. Ошондон бери кызды издеп эч ким таппады.


Арадан жылдар өттү. Кызды издегенден пайда чыккан жок. Буудайыктын жүндөрү агарып , энеси болсо кайгыдан башын көтөрө албай калды.


– Уулум, мына сен бир айдан кийин онго чыгасың. Мен сага бир сырды айтайын. Тукумубузда мураска калган бир өзгөчөлүк бар. Биз куштардан адамдарга айлана алабыз, – деди Буудайык уулу Горду чакырып.

Абайла, адамга айланганда сен оңой олжо болуп калышың мүмкүн.

– Ата, мен сизди түшүндүм. – Эжемди издеп келейин..

– Уулум, биз сени күтөбүз. Сен бир айдан кийин кайтып келишиң керек. Өзүңө сак бол!





Гор эжесин издегени жөнөдү. Ал жолуккандын баарынан эжесин сурап жүрүп отурду. Бирок “көрдүм-билдим” деген бир жан жок. Гор эжесин көпкө издеп, чарчаганынан жерге суй жыгылды.

Эсине келип, аны эңкейип карап турган Панданы көрдү. Тура калып, адамга айланганын байкады.

Ал кара түстөгү, ак чачтуу бала болуп калыптыр. Кийиминде кызыл канаттар илинген жасалгасы бар. Бала канатты кармап көрүп, бийик секирип көрдү.

Канатта сыйкырдуу күч бар экенин байкады. Эми канаттын жардамы менен жер үстүндө каалгыса болот турбайбы.



– Мен кайда келип калдым? Сен кимсиң? – деп сурады бала.

– Мен Иге деген панда болом. Сен Тянься деген өлкөдө жүрөсүң, – деди Панда.

– Менин атым Гор. Мен эжемди издеп жүрөм. Ал мала кызыл канаттары бар куш. Кокусунан аны жолуктура алган жоксуңбу? – деп сурады бала.


– Жок. Бирок мен сага окшогон бир кишини билем. Ал менин эжем болот, – деди.

– Анын кайсы жерде экенин мага айтчы!

– Айтайын,бирок сен мага канатыңды бересиңби?

– Макул, канатымдын жардамы менен бийик секирип, жада калса, уча да аласың, – деп Пандага бир канатын жулуп берди.

Тянься* – Асман алдындагы өлкө, Кытай



Сүйүнгөн Иге бийик секирип, Горду ийилген чатыры бар үйгө ээрчитип келди.

– Бул үйдө менин атам – боз түстүү Яомо жашайт. Азыр ал үйдө жок. Аңчылыкка кеткен. Яомо Жашыл Желмогуз экөө жөндөмдүү балдарды уурдап келишип, аларга сыйкыр өнөрүн үйрөтүшөт.

Алар сыйкырчылардан турган аскерлерди даярдашып, дүйнөнү багындырып алгысы келет.

Эжең сени тааныбайт. Аны уурдап келишип, сыйкырдуу суу берип коюшкан. Ошондуктан ал мурунку жашоосундагы эч кимди эстей албайт. Өзүңө сак бол! – деди Иге.

– Рахмат, Иге!



Гор үйдүн ичине көз жүгүрттү. Кара тору кыз тегеренип бийлеп жаткан экен. Анын кызыл ала - чачтары жана көйнөгүндөгү кызыл тасмасы кыймылына куп жарашат десең.

Гор таң калып туруп калды. Бир маалда кыз баланы байкады. Ал коркуп кетип таматодон* катану деген кылычын сууруп чыкты да, баланы көздөй шилтеди. Бала буйтап кетти.

– Токто! Мени угуп койчу! – деп бала кызга кыйкырды.

– Сен кимсиң? Айткының! Болбосо, менин кылычымдын мизи кандай экенин көрсөтөм!

– Мен сенин иниң – Гор болом. Мени эстеп көрчү!

– Инилерим жок. Эжелерим гана бар. Менин атым – Жия. Яомонун жоокери болом!

Тамото* – жеңдеги чөнтөк



– Биздин көк мелжиген асманды эстечи. Сен буудайык тукуму болосуң! Сага көк мейкин менен эркиндик керек! Кирри, кирри, – деп Гор буудайыкка айланып, куш тилинде шаңшыды.

Бала эжесине канатты карматканга үлгүрүп, үйдөн учуп чыкты.

Жия колуна канатты кармап, өткөн күндөрүн эстей баштады. Ал мала-кызыл кушка айланып, инисинин артынан ээрчип учту. Экөө көпкө үн алышып, абада каалгып жүрүштү.

– Ата-энеңди эстечи. Алар сени зарыгып күтүп жатышат. Мени менен үйгө уч! – деди Гор эжесин чакырып.

– Менин бүткүл жашоом – Яомонун үй-бүлөсү жана алардын үйрөткөн өнөрү. Мен аларды калтырып кете албайм.

– Негизгиси, мен сени таптым. Сен Талаа Руху – Буудайыктын кызы экениңди эч качан унутпа!

Гор эжесин акыры алып кетем деп, Тяньсяда кала берди.

Жия дагы учуп көрөйүн деп чечти. Ал талаа, деңиз, токойлордун үстүнөн учуп өтүп, кыш менен жайдын тогошкон жерине келип конду.

Алыстан биреөнүн ырдаган үнү угулду. Кыз үндү ээрчип, бийик бактардын – чокусунда жалбырактары бар бамбуктарды көрдү.

Ал бамбуктардын эң чокусуна конуп, ортосунда куюн болуп чимирилди. Кыз күлсө, бактар аны туурап жатышты.

– Эй, ким ойноп жатат? – деген бийик угулду.

– Мени кармап көрбөйсүңбү? – деп Жия каткырып күлдү.

Анын көйнөгүнүн тасмалары бамбуктардын арасына илээшип, илинип калды.

Ушул жерден ал лилия түсүндө көйнөк кийген кызды көрдү. Аны кыпкызыл чачтарынын чекесинен учтуу кулактары чыгып туруптур.





– Менин атым – Элифа! Сен укмуш учат экенсиң го! Учканды кантип үйрөндүң эле? – деп сурады бейтааныш кыз.

– Атым – Жия, жоокер кызмын. Мага сыйкырды эжелерим үйрөткөн. Мен катананы башкарганды жогорку чеберчиликте билем.

Ал катана-кылычын ары-бери булгалап, чалынып калган тасмаларын кесип таштады.


– Мен бул аймактан мурда сени көргөн эмес элем. Кимди издеп жүрөсүң?

– Өзүмдүн үй-бүлөмдү издеп жүрөм. Иним мага ушул канатты калтырып кеткен эле, – деди.

Элифа канат анын досуна таандык экенин түшүндү. Ал өзүнүн жел кыягын алып чыкты.

– Кана, жел кыяк ойночу! Сен болсо бул обонду ук! – деп буюрду Элифа. Жия обонду угуп, өзүнүн үй-бүлөсүн, бала кезин эстеп, көзүнөн жаш куюлду.

Эльф кыз Жияны сооротуп, ата-энесине кайтып барууга кеңеш берди. Бирок Жия эжелери менен коштошуп келүүнү чечти.





Жамгыр жаап турган. Карышкырлардын улуганы угулду. Төтө жолдо катана-кылыч көтөргөн кыз, эки панда, чоор көтөргөн кыз жана чачтары жебе кыз чуркап келе жатышты.

Бардыгы үйгө жүгүрүп киришти.

– Яомо короого келип калды, – деп шыбырашты кыздар.

– Хрррм, Хрррм! – деп коркулдап картаң желмогуз Яомо үйгө кирип келди. Анын жүндөрү даакы болуп самсаалап калыптыр.

– Кыздарым! Эмне үчүн мени эч кимиңер тосуп албайсыңар? Жия! – деп кыйкырды Яомо.

Бирок ушул маалда сырттан Гор кирип келди.

– Эжемди жайына кой! – деп каардуу кыйкырды ал.

– Оо, мына бир тууганы бизге келип калган турбайбы! – деди Яомо кытмыр күлүп.


– Бекер эле келипсиң, Жия биз менен калат.


– Жок, Яомо, сен менин атам эмессиң! Мен баарын эстедим. Бир тууганым менен кетем, – деди Жия.

Гор алгыр кушка айланып, желмогуз менен согуша баштады.Текөөрүн желмогуздун башына матырды. Яомо кыйкырып, торопойго айланып калды.

Яомонун кыйкырыгын угуп, Жашыл Желмогуз учуп келди. Ал алы кетип калган Горду кармай калып, жеп салууга аракет кылды. Бирок Жия ушул жерден буудайыкка айланып, Жашыл Желмогузга тике сайылды. Жаалданган Жашыл Желмогуз үстүнөн алгыр куштарды жерге алып ыргытты.

Жия катанасын Жашыл Желмогуздун көзүнө матырды. Анын эжелери да кармашка кошо кириշти. Алар синдиси үчүн айыгыша согушушту. Катуу кол салуудан Желмогуз ташка тийип жыгылды. Ал ошол замат кичинекей куртка айланды. Кыздар куртту кумарага салышты, торопойду малчыларга өткөрүп беришти.






Сыйкыр тарап, эже-сиңдилер балалыгын, үйлөрүн эстешти. Алар бактылуу болушуп, эркиндикке чыгышты. Кыздар коштошуп, туугандарын издеп жөнөштү.

Гор өзүнө келип, күчкө толгондо эжеси экөө туулган жерин көздөй учуп чыгышты.

– Кызым, келгениң жакшы болбодубу! Биз сени аябай көп убакыт издедик! – деп кыздын ата-энеси ыйлап жиберишти.

– Мен да үйгө келгениме абдан кубанычтамын! Дайыма силер менен болом! – деди Жия.

Буудайык куш кызынын кайтып келгенине арнап, – чоң той берди.



USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон: Талгат Деркембаев



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | **4.2 деңгээли** |